УДК 930.85 (575.2)

**Таш Динмухамед**
И.Арабаева атындагы КМУнун Тарых жана социалдык-укуктук билим берүү факультетинин магистранты
**Таш Динмухамед**
Магистрант Факультета истории и социально-правового образования КГУ им. И.Арабаева
**Tash Dinmukhamed**
Masters student of the Faculty of History and Social and Legal Education of KSU named after I. Arabaev

# КЫРГЫЗ АЯЛДАРЫНЫН АЗЕМ БУЮМДАРЫНДАГЫ ОЮУЛАРДЫН АЛГАН ОРДУ

# МЕСТО УКРАШЕНИЯ КЫРГЫЗСКИХ ЖЕНЩИН В ЦЕРЕМОНИИ

# THE PLACE OF KYRGYZ WOMEN'S DECORATION IN CEREMONY

**Аннотация:** Макалада Кыргыз аялдарынын азем буюмдарындагы салттуу оймо-чиймелер, аларды пайдалануу иликтенген.

**Аннотация:** В статье изучен традиционные узоры и их использование в церемониальных украшениях кыргызских женщин.

**Annotation:** The article examines traditional patterns and their use in ceremonial products of Kyrgyz women.

**Өзөктүү сөздөр:** Кыргызстан, кыргыз, аял, оймо-чийме, зергер, азем, орнамент, салттуу, функционалдык, композиция, буюм, кийим, жасалга.

**Ключевые слова:** Кыргызстан, кыргыз, женщина, орнамент, ювелир, церемониальный, традиционный, функциональный, композиция, материал, одежда, украшения.

**Keywords:** Kyrgyzstan, kyrgyz, woman, ornament, jeweler, ceremonial, traditional, functional, composition, material, clothing, jewelry.

Кыргыз аялдарынын зергер азем буюмдары курактык, функционалдык, өздүк аземделүүсүнө жана тагылган жерлеринин өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу бирдиктүү топторго бөлүнөт [1. 25 б.].

Анын негизинде кыргыз азем жасалгалары төмөндөгүдөй топторго бөлүнөт:

- баш кийимдерине тагылуучу азем буюмдары;
- чачка тагылуучу кооздук жасалгалары;
- кулакка тагылуучу азем кооздуктары;
- моюнга тагылуучу азем кооздуктар;
- кийимдин көкүрөгүнө тагылуучу азем кооздуктар;

Аталган топтор өз ара майда функционалдык болуп да бөлүнөт. Азем зер кооздуктарды топторго бөлүүдө аларга тиешелүү болгон өзгөчөлүктөр, аймактык айрымачылыктар менен жүргүзүлөт.

1) Баш кийимдерине тагылуучу аземделген буюмдар.

Кыргыз аялдары XIX кылымдын аягында баш кийимдеринин бардык түрлөрүнө салттуу болгон азем буюмдарын тага беришкен эмес. Кооздолгон зергер каңылтырлары жана

көзгө жагымдуу азем жасалгалары менен элечек, кеп такыя, топу жана шөкүлө башка баш кийимдерге салыштырмалуу өзгөчөлөнүп айырмаланып турган. Аталган баш кийимдер өз аталыштары менен аймактык жана диалектикалык аталыштарга ээ болгон болсо да, жалпы кооздук жасалгалар менен бирдиктүү топту түзгөнү маалым. Алар күмүштөн жана баалуу түстүү жеңил материалдардан жасалынган зер кооз буюмдар, мончок жана геометриялык оймо - чиймелери, түрдүү баалуу таштар, айнек жана башка аземдер менен кооздолгон. Мындай жалпылыктарга ээ болсо да кооздолуусу, аземделүүсү, зергер алкактардын түзүлүшү жана аталыштары боюнча аймактык айырмачылыктары ээ болгон. Элечек, кеп такыя, топу, шөкүлө ар бири өзүнүн кооздолуусу боюнча өзүнчө өзгөчөлүктөргө ээ болгон [1. 29 б.].

Элечектин маңдайына тегерете күмүш желбирөөчтөр менен чебер кооздолгон кыргак, баргек, тартма, калкан кооздуктар менен шөкөттөлгөн. Кыргак кымбат баалуу жука күмүштөн же жезден жасалып, күмүш кыргак, шуру кыргак, жез кыргак деген түрлөргө бөлүнүп жасалган. Оокаттуу бардар үй бүлөдөгү жаш келиндер күмүш зымдарга бермет, шуру, мончок, чынжырча же жалпак күмүш алкактар менен илинип кооздолгон, күмүштөн, жезден кыюланган майда жеңил жалбырактуу желбирөөчтөр тагылган кооздуктарды да пайдаланышкан. Белгиленген кымбат баалуу же түстүү металлдардан жасалган кооздуктарды жөнөкөй үй бүлөдөгү аялдарда кийүүгө мүмкүнчүлүгү болгон эмес. Карапайым үй бүлөдөгү аялдар кооздугу азыраак же жөн эле оролгон элечекти кийишкен. Элечекке тагылган кооздуктардын сырткы түзүлүшү, жана жасалуу ыкмалары аймактык болуп өзгөчөлөнүп турган. Кетмен- Төбө, Жумгал аймактарында элечектин кыргагы башкача кооздолгон: ак же кызыл түстөгү матанын бетине бермет, седеп мончоктору менен тыйындар жана калып ыкмасы менен жасалган кыйшык бурч түрүндөгү күмүш желбирөөчтөр бекитилип эки четинен жибек тесмеси менен саймаланып кооздолгон. Жибек тесме эни эки - үч сантиметрдей болуп, анын четтерине гүл кештелери саймаланган жана чачы чыгарылган [1. 25 б.].

Алай жана Чоң - Алай өрөөндөрүндө кара баркыттан тигилип ичке тилкеге тамчы сымал жасалып, калып ыкмасында күмүш жалпак кооздуктар менен кооздолгон, ылдый жагына үч бурчтук басма ыкмасы менен кооз оймо тигилген кыргактар менен элечектерди кийишкен. Түп аймагында Ысык - Көл тарапта элечекке тагылган кыргак көз кою, эшилме ыкмалары менен жасалган. Сегиз же торт бурчтуу күмүш желбирөөчтөр, капталына бири - бирине майда шакекчелер аркылуу бириктирилип кооздолгон.

Күмүштөн жасалган желбирөөчтөрдүн бетине кызыл көздүү жакут таш тегерек түрүндө коюлуп, айланасына гүлдөрдүн жана тегерекчелердин оймо -чиймелери түшүрүлгөн. Шурулар басма ыкмасы менен жасалган, кара өрүк жемишине окшоп жалпак күмүш кооздуктардан турган. Алар шакекчелер менен бириктирилген.

Кара - Кулжа өрөөнүнүн аялдарынын элечектеринин кыргактары сырткы түзүлүшү кооздолушу менен айырмаланган жана төмөндөгүдөй кооздолгон: кызыл тукабадан тигилген тилкеге, басма ыкмасында жезден жасалган он беш даана түз бурчтуу кооздуктар менен шакекчелер аркылуу бириктирилип жасалган. Түз бурчтуктардын орто ченинде шурудан, четине баалуу таштардан тегерете көз коюлган төмөн жагына күбөктөр жана гүл түрүндө тегерек оймолор шакекчелер менен бириктирилип илинген. Баргак, баргек - кыргак маңдайына тагылуучу кооздук, торт бурчтуу жалпак калып ыкмасында жасалып, ортосуна баалуу көгүлтүр таштардан көздөр коюлган, орточо эсеп менен баргакка жыйырма сегизге жакын же отуз эки кооздук сарпталган. Ушундай эле ыкма менен кооздоону Өзгөн, Ноокат, Сузак аймактарынан да кездештирүүгө болот [4. 37 б.].

Боорчек - деп аталган баргак түрлөрүн Лейлек, Кадамжай өрөөндөрүндө колдонушкан. Матанын бетине тегерек жалпак түрүндөгү күмүш кооздуктары бекитилип, анын айланасында

шуру, көгүлтүр таштардан оюулар тигилген. Төмөн жагы ач күзөндүн терисинен ичке тилке аркылуу тегерете кооздолгон. Элечектин маңдайына тигилген боорчекти орто жаштагы кыргыз аялдары кийишкен. Ысык - Көл, Нарын, Талас, Чүй аймактарында баргак менен кооздолгон элечектер колдонулган эмес.

Аталган аймактарда калкан - күмүштөн жасалган тегерек түрүндө каңылтыр калып ыкмасында жасалып орто ченинде акак, седеп, кызыл түстөгү жакут таштарынан көз коюлган. Көздүн тегеретеси зире ыкмасында кооздолгон. Калкан элечектин мандайына тагылган. Мындай калкан менен кооздолгон элечектерди орто жаштагы аялдар кийишкен.

Кыргыз аялдары элечектин мандайына баргек, кыргак, калкандан сырткары баркуттун бетине ар түрдүү оймо - чиймелер оюулуп түшүрүлгөн, ар түрдүү жибек жиптер мечен саймаланган тартманы тагынышкан. Тартма мечен кооздолгон элечектерди кыргыз аялдары бүгүнкү күнгө чейин колдонуп келишет.

Шөкүлө - бул конус формасында болуп (бийиктиги 25- 28 см) түрүндө тигилген тебетей анын, түзүлүшү жаагы же кулакчасы (узундугу 18- 22см же 8-10 см), желкесинин (узундугу 33-45см), маңдайы (4-6 см) болуп тигилген бул баш кийим түрүн кыргыз кыздары кийишкен, азыркы күндө үйлөнүү үлпөт тойлордо кийип жүрүшөт. Шөкүлө негизинен үч түргө бөлүнгөн. Биринчи түрү, шөкүлө кызыл баркыттан тигилип, төбөсү кыргоолдун, көк кытандын, жана турнанын канаттары менен кооздошкон. Шөкүлөнүн маңдайы баалуу аң терилер (кундуз, суур, суусар, ач күзөн) менен тебетейге окшоп тегерете тигилген. Маңдай тарабы суу мончок (бисер) шурулар менен кооздолуп ак, кызыл, жашыл түстөгү жибек жиптери менен саймаланган. Шөкүлөнүн мындай түрлөрүн Кара - Кулжа, Ак - Суу, Ат -Башы аймактарында жашаган өспүрүм кыздар кийишкен. Шөкүлөнүн эки жаагына ак, сары, кызыл түстөгү мончоктордун тизмегинен үч бурч тээк түрүндө жасалып кооздукка үч катар мончок тизмеги илинип, далысына чейин түшүрүлүп жасалган [13. 68 б.].

Шөкүлөнүн экинчи түрү чыйбаркыттан туулга түрүндө тигилген. Анын чокусуна кыргоолдун канаттары тагылып, эки жагынан эки кулакчасы ийинине, желкесиндеги үч бурчтук тээк далыга чейин түшүрүлүп тигилген. Маңдайы жана эки кулакчасы ак түстөгү суу мончоктор менен жыш кооздолгон. Маңдайы суу мончок жана шурудан сырткары басма ыкмасында жасалып көгүлтүр жакут таштар менен кооздолуп жасалган, эки жагына эки калкан күмүш азем кооздуктары тагылган, калкандардын төмөн жагы эки каштын ортосуна түшүп турган жоогазын түрүндөгү шурулар менен кооздолгон. Шөкүлөнүн мындай түрүн Манас, Баткен, Чаткал аймактарындагы кыздар көбүрөөк колдонушкан.

Үчүнчү түрдөгү шөкүлө негизи тебетей түрүндө тигилип, формасынын бийиктиги (28-30 см) болуп күрөң кызыл, көк, жашыл баркыттан тигилип, четтерине суусар, кундуз сыяктуу баалуу терилер, чокусуна ак үлбүрөк матадан же тордон бет жабуу жасалган кооздуктун бир учу төбөсүнө бекитилип экинчи учу болсо кыздын этегине чейин түшүрүлгөн. Шөкүлөнүн маңдайы күмүштөн жасалган. Седеп, бермет, акак, шурулар менен кооздолгон. Мындай шөкүлөнү Кара-Буура, Өзгөн, Аксы, Сокулук, Ысык-Көл аймактарында жашаган кыргыз аялдары кыздары кийишкен [2. 126 б.].

Баш кийимдерге кооздолгон азем кооздуктарды жалпыласак, алар түрдүү мончоктор (бермет, шуру, седеп, айнек, суу мончок) жана кызыл, жашыл, сары, көк, ак түстөгү жибек жиптер менен кооздошкон. Алтындан күмүштөн, жезден оюп түшүрүү ыкмаларында оймолор жасалган. Элечектин маңдайындагы калкан азем кооздуктарды майрам күндөрү же кызды турмушка узатуу аземинде тагынышкан. Демек бул кооздуктарды чечип кайра тагып коюга ыңгайлуу кылып жасашкан.

**Чачка тагылуучу азем кооздуктар.**

Кыргыз аялдарынын чачка тагылуучу зер кооздуктардын курамына чач кап, чач учтук, чолпу, зээр, аркалык, чач папик, чач пак, суйсал, эгиме, күбөк жана башкалар кирет. Чач кап кыргыз аялдары үчүн чачка тагынган кооз жасалга. Кыздар турмушка чыккандан кийин чачтарын экиге бөлүп өрүшүп, экиге бөлүп өрүлгөн чачтарын чач капка салышкан. Чач кап - чачка байлана турган жагы, кооздуктар тагылган тарабы жана учу, болуп үчкө бөлүнгөн. Мындай азем кооздолгон буюм чачты сактап, кооздук үчүн тагылган. Чач каптын узундугу 40-50 см, туурасы 15 сантиметр келген жашыл, кызыл, көк оймолор менен басманы тордоо ыкмасы менен мончок, суу мончоктор менен кооздолуп түстүү жибек жиптер менен саймаланган. Кээде чач кап аң терилер менен кооздолгон, төмөнкү жагына чолпу чач учтуктар илинген. Аялдар чач капты турмушка чыккандан баштап улгайганча пайдаланышкан. Кээ бир маалыматтарга караганда кыргыз аялдары чач капты тунгуч баласын төрөгөндөн тартып чачтарын чач капка бекитишкен. XIX кылымдын аягы - XX кылымдын башында кыргыз аялдары колдонушкан, бул зер буюм бир нече түрлөргө бөлүнгөн. Ысык-Көл аймагында чач кап (чач кеп) деп аталып эки чач салынган кара баркыттан түтүкчө болуп тигилген. Түтүкчөнүн беттерине шуру, ак түстөгү мончок, суу мончокторунан кыйшык бурч, куш канаттын оймолоруна окшоп тигилген. Оймолорду тегерете шурулардан он үч кошуу түрүндөгу белгилери тагылган. Бет жагына тоо эчкинин мүйүзү сымал кесүү ыкмасында кооздолгон оюулар түшүрүлгөн, арт жагына тукаба тагылган жана аркалык чач кептин ортосуна тагылып жасалган. Кээде аркалыктын төмөн жагына суурдун териси тагылып, териден ылдый кызыл сары жиптер жүндөн жасалып түйүлүп кооздолуп, жиптери чачыланган. Чач кап күрөң, сары баркыттан тигилип, чачка байланган жагына седеп топчулар тигилген. Чач каптын бетине оюп түшүрүү ыкмасы менен гүлдүн оймосу түшүрүлүп орто ченине кызыл жакут таштары менен кооздолгон жана бир учуна калкан аземи бекитилген. Мындай кооздуктагы чачкаптарды Кара-Кулжа, Өзгөн аймактарындагы аялдар колдонушкан. Жашыл түстөгү баркыттан тигилген чач кап Аламүдүн аймагына мүнөздүү жана ошондой эле Талас өрөөнүндө да чач капты, кара баркыттан тигишкен. Чач кептин ортосуна седеп, шуру тагышкан [2. 128 б.].

Чолпу үч канат жүрөкчө, тумарча, гүл сыяктуу, торт бурчтук түрүндө жасалып аларга седеп жана акактан көз коюлуп, көздүн айланасында геометриялык оймо чиймелер түшүрүлгөн. Мындай оймолордун четтери күмүш зымдар менен торчолонгон. Оюп түшүрүү жана согуу ыкмалары менен кооздолунган тегерек жалпак каңылтырлар бирдей өлчөмдө жасалып, шакекчелер аркылуу бири - бири менен туташкан каңылтырлардын бир учу чолпунун негизине илинет. Каңылтырлардын экинчи учу белден ылдый түшүрүлүп жасалат. Чолпунун негизи түшүрүлгөн каңылтырлардын саны тогуздан он алтыга чейин жетет. Чолпуну жасоодо зергерлер күмүштөн сырткары Россия, Кытай, Польшанын тыйындарын колдонушкан. Албетте ал тыйындын баары эле күмүш болгон эмес, Николай падышанын убагындагы тыйындар гана күмүштөн жасалган. Чолпу чач кооздук аземин орто жаштан жогорку курактагылар тагынышкан. Негизи чач аземи чолпу болуп эсептелинип, алар аялдардын жашына, социалдык абалына карата экиге бөлүнгөн. Чолпу күмүштөн жасалып, анын бетине оюп түшүрүү же согуу ыкмалары жарым айдын же күндүн формалары түшүрүлгөн. Төрт жалпак оюу түшүрүлгөн күмүш каңылтыр ортодо жайгашып төрт бурчтук тээкке седептерден көз түшүрүлгөн, алар бири - бирине тегеренме шакекчелер менен бириктирилген. Алар негизинен Чүй өрөөнүнө таандык болгон. Бетине оюп түшүрүү ыкмасында геометриялык оймо-чиймелер түшүрүлүп кооздолуп, орто ченине баалуу таштардан, жакуттан эки түгөй көз коюп жасашкан [20. 60 б.].

Чолпунун зээр деп аталган түрү төмөндөгүдөй кооздолуп жасалган: жылдызча

тегерекчелер, кашаа, шоола, толкундун элесин берген оюу - чийүүлөр, каңылтырлар тегерек жалпак болуп шакекчелери «наян түйүнү аркылуу бириктирилген тегерек каңылтырлар төрт же алты бөлүктөн турган.Үстү жагындагы тегерек каңылтырга шакекчелер аркылуу туташып, жип байланып уланган. Уланган жипке гүлгө окшогон геометриялык түрдөгү чиймелер жана седеп топчулар менен аземделип коздолгон. Мындай азем коздуктар бириктирилбестен эки өрүм чачтын учуна өз-өзүнчө байлаган, алар чачты ылдый тартып чачтын өсүшүнө да өбөлгө түзгөн. Аларды Бакай - Ата, Тоң өрөөндөрүндө орто жаштан өтүп калган аялдар пайдаланышкан.

Чач папик - конус түрүнө окшоп жалпак тегерек жалпак тегерек геометриялык чиймелер туташтырылган арасы куйма, калып, эшилме зым, тордоо ыкмасы менен кооздолуп аземделген. Чач папиктин мындай түрү Баткен, Кадамжай аймактарына мүнөздүү. Чач папиктин Кара-Суу аймагында гүлдүн оймосу түшүрүлүп, тегерек, төрт бурч жалпак геометриялык кооздуктар илинип аземделген. Ал эми Өзгөн аймагында чач папиктин басма, карартуу, ыкмалары менен кыйшык бурч, тегерек чиймелер менен кызыл мончоктор менен кооздолуп,балык ооз азем кооздуктар бекитилген. Чач папиктин дагы бир түрү суйсал деп аталат, ал ичи көңдөй түтүкчө болуп, көмкөрмө шалдыркандар менен аземделип жасалган. Бул чач папик кую ыкмасы менен жасалып жети катар жиптен туруп, кара баркыт менен капталып төрт бурчтуу тээкке бекитилет.Тээктин жогору жагында седеп топчулар менен чачка илинет, төмөн жагында көмкөрмө тегерек шакекче менен суйсалдын учуна бекитилет. Көмкөрмө сары, кара, кызыл түстөгү жибек жиптен чачыланып суйсалга өзгөчө көркөм аземдүүлүктү кошот. Суйсал ичке кара жиптен чыйратылып жасалып, учу аялдардын чачына кошо өрүлүүчү чач учтуктун бир бөлүгү катарында болгон [5:410-б].

Күбөк - кыргыз аялдары чачына тагуучу кооздук азем, узундугу (80см) коңгуроо түрүндө болуп, ичи көңдөй болуп, көмкөрүлгөн жоогазын күл сыяктуу формадан жасалып кооздолот. Күбөктү орто жаштан жашы жогору өткөн аялар пайдаланышкан. Күбөк эки бөлүп өрүлгөн чачка өз-өзүнчө тагылып, ортосу чынжырчалар менен илинген. Күбөктүн аягына кара, жашыл, көк түстөгү жибек жиптери менен чачыланган. Бакай ата аймагында күбөктүн түтүкчө тоголок жоогазын гүлү сыяктуулары тагылган. Мындай азем кооздуктарга сүйрү түрүндөгү кызыл мончоктор илинип көрктөлгөн. Кыргызстандын башка аймактарында да кеңири пайдаланышкан.

**Кулакка тагылуучу аземдер** этнография зергерлик багытта сөйкө чоң кызыкчылыкты туудурат. Зергерчиликте сөйкө сирке төгүү, каратуу, данча, согуу, оюп түшүрүү, көз коюу, тордоо, эшилме зым ыкмалары пайдаланылган. Сөйкөлөрдүн аталышы жана жасалуу ыкмасы, сырткы түзүлүшү конструкциялык өзгөчөлүктөрү жана аземдеп кооздолушу боюнча сөйкө төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнөт: жарым ай, сандыкча сойке, балдак сырга, жети аяк сөйкө, көздүү сойко жана сойко желбирөөч. Формалары тегерек, сүйрү, ай, жарым шар, тоголок жана жалпак үлгүдө болот [9. 69 б.].

Сөйкөлөрдүн ичинен сандыкча сөйкөсү кеңири колдонулган, аны орто жаштан өткөн аялдар тагынышкан. Салттуу сөйкөлөрдүн ичинен жарым ай түрүндөгү сөйкөнү кеңири колдонушкан. Аны көркөмдөп жасоодо жарым ай түрүндөгү ичи жумуру күмүш бири-бирине каңдалып, бетине жалбырак гүлдүү оймо-чиймелер түшүрүлгөн. Кадамжай, Лейлек аймактында зере сырга, балдак сырга деп аталган кулакка тагылуучу кооздуктарды колдонушкан. Алар күмүштөн жасалып, тегерекчесинин жарымы күн, жылдыз, жарым айдын сөлөкөттөрү тордоо ыкмасында түшүрүлгөн. Андан сырткары көгүлтүр ташатан көз коюу да салтка айланган. Сөйкөнүн төмөн жагындагы саландап туруучу бөлүгү данча ыкмасындагы зередей кооздолгон.

Жети аяк бул сөйкө түзүлүшү жагынан төмөндөгүлөр менен өзгөчөлөнөт: буралып төмөн түшкөн күмүш зымдар ичи көңдөй тоголокчолордон аяктаган. Жети аяк сөйкөгө жашыл же көгүлтүр таштан көз коюлуп, коңгуроодон тагылган. Мындай сөйкөлөр Лейлек, Ноокат, Баткен, Өзгөн, Аксы өрөөндөрүндө колдонулган.

Сөйкө желбирөөч - тегерек күмүш каңылтырдан тегерек кесилип, ортосуна баалуу таштардан көз коюлуп, көздүн айланасы түрдүү оймо- чиймелер менен кооздолуп, төмөн жагына чынжырчаларга уланган салпынчактар менен аземделип кооздолгон. Бул сөйкө желбирөөч деп аталганынын себеби бул жеңил болуп, желге ыргалып турган.

**Моюнга тагылуучу азем буюмдар** - шурулар, акак, седептен жасалган мончоктор. Аталган мончоктор сүйрү, тоголок, түрүндө, алты сегиз кабат тизилген шурулар өткөрүлгөн тизмектердин сегиз санын сөлөкөтүн берген оюулар жайгашкан жана шурулардын арасына күмүштөн ичи көңдөй тоголок түрүндө жасалып, тизмек жиптердин арасына тизилген сүйрү, тегерек, тоголок, тунук жана жарым тунук акак мончоктор менен кооздолуп жасалгандыктан, алар эң кымбат деп эсептеленип, аларды улгайган аялдар көп тагынышкан. Мындай шуру, мончок кооздуктарды Кыргызстандын дээрлик бардык аймактарында колдонулган [3. 81 б.].

**Көкүрөккө тагылган кооздук азем буюмдар** - бул зер буюмдарга мончок, ала тамак, төөнөгүч жана топчулар жана желбирөөч кирген. Мындай кооздуктарды көбүнчө кыздар жана жаш келиндер тагынышкан. Бул зер буюмдарды жасоодо каңдоо, тордоо, сиркелөө, оюп түшүрүү, из салуу жана чынжыр токуу ыкмалары пайдаланылган.

Төөнөгүч - көлөмү беш, он сантиметр көлөмүндө бир аз дөмпөйгөн формада артында төөнөгүчү менен болгон. Бирок бул төөнөгүчтүн өзгөчөлүгү ортосунда бармак басым жери тешик болгон. Бетине оюп түшүрүү ыкмасы менен оюулар түшүрүлгөн. Жалпы төөнөгүчтүн формасы тегерек болуп келген. Аны кийимди жыйнактап же көкүрөктү жаап туруу үчүн жана кооздугу үчүн колдонушкан [17. 176 б.].

Күмүш топчулар - бул кийимди топчулоо үчүн пайдаланылган. Андан сырткары алар кооздук катарында болуп, аял затынын социалдык абалын көрсөтүп турган. Күмүш топчуну жасоодо оюп түшүрүү, из салуу, сыя төгүү ыкмалары пайдаланылган.

Желбирөөч - бул кыз-келиндердин моюнга арта салып, төшкө түшүп турган кооздогу. Аталган көркөмдөлүп жасалган зер буюмунун да сөйкөнүкүндөй илмегинде эки илгичи болгон. Күмүш зымдары менен чынжырланып бир нече сеңселме тал-тал күмүш чачысы төгүлүп турат. Ага жумурланган сүйрү жука күмүш илинип, айрым учурда шуру тизилип, учтарында сүйрү жука күмүш төгүлуп турат. Эки канатты чынжырланган күмүш зымдары аркылуу бириккен.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Ж.Сыдыгалиев. Элдик көркөм кол өнөр миң кыял. Б. 2017.
2. К.И.Антипина народный искусство киргизов. Фрунзе. 1976.
3. А.Найзабеков Кыргыз улуттук оймолору. Бишкек. 2016.
4. М.Максимов. Кыргыз оймолору. Фрунзе. «Кыргызстан» 1986.
5. М. Андреев.Орнамент горных таджиков и кыргызов Памира. Ташкент. 1928.
6. М.Гаврилов. Орнамент киргиз Суусамыра. Ташкент. 1929.
7. М.В.Рындин. Азбука киргизского узора. Ф. 1946.
8. Н.М. Зелант. Киргизы этнологический очерк. 1985.
9. О.Э.Сулайманов. Серевой база кыргызского ювелирного производства. Нальник. 1981.
10. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү. Бишкек. 2016.
11. К.Юдахин. Руско-киргизский словарь. 1965.

12. С.М.Абрамзон. Советская этнография. Фрунзе. 1946.
13. С.М. Абрамзон. Очерк культуры киргизского народа. Ф.1946.
14. С. Дудин. Кыргызский орнамент. Л.1925.
15. С.В. Суслова. Женское украшение казанских татар. М: Наука. 1980
16. С.В. Суслова. Приуральские татары. Казань. 1976.
17. С.Н.Сычева. Народной прикладной искуство средней азии. М. 1984.
18. С.Ш. Токтабаева.Серебренный путь казанских мастеров. Алмата 2005.
19. Т.И. Тасмаганбетов. Изделия .мастеров центральной азии. Алмата. 1997.
20. Кыргыздын элдик кийимдери Анкара 2004 (фото материалдар)

**Рецензент: т.и.к., доцент Капалбаев О.Э.**